Карабеков Сатыбай атындагы орто мектеби

# *Тарбиялык саат*

**Тема:** Covid-19

Мугалим: Макишова С

(Аралыктан өтүлгөн тарбиялык саатын иштелмеси)

Тема: COVID - 19

| **Сабактын максаттары:** | **Корсоткүчтөрү: максаттарга жетти дейбиз эгерде окуучу ...** |
|---|---|
| **1.Билим берүүчүлүк максаты:** Коронавирус жөнүндө жалпы маалымат алышат. | - коронавирус жөнүндө жалпы маалымат алышса; |
| **2.Өнүктүрүүчүлүк максаты:** Ой жүгүртүп өз ойлорун айтышат, берилген тапшырмаларды туура, так аткарышат. | - ой жүгүртүп өз ойлорун айтышса, берилген тапшырмаларды туура, так аткарышса; |
| **3.Тарбия берүүчүлүк максаты:** Өздүк гигиенаны туура сактоого үйрөнүшөт | - Өздүк гигиенаны туура сактоого үйрөнүшсө; |

Сабактын жабдылышы: А4 барактары, маркер, сүрөттөр


**Сабактын жүрүшү**: Саламдашуу. Окуучулар коронавирус жөнүндө интернет булактардан алган маалыматтары боюнча өз ойлорун айтып беришет.Коронавирус жөнүндө жалпы маалымат берилет.

**Мугалимдин сөзү:**

*Коронавирус деген эмне?*

Каронавирус – өзүнө отуздан ашык вирусту камтыйт. Анада камтылган вирустар кеңири жайылган сасык тумоодон тарта оор курч респиратордук синдромго (ТОРС, «типсиз певмония») жана ичеги карындын оорушуна алып келет.

Коронавирустар – өзүнө бир чынжырлуу РНК (рибонуклеин кислотасы) молекуласы камтыган тоголок формадагы микроб. Анын тикен сымал сырткы чели таажыны элестетип турат. Илдет ошол себептен коронавирус деп аталат.



Клеткага кирген вирус анын цитоплазмасында көбөйөт. Алар имунитетти алсыратып, инфекция (КРВИ) же сасык тумоо сыяктуу бир жумада айыкпайт. Коронавируска типсиз пневмония менен оор – курч респиратордук синдромдун формасы коштогондуктан бейтаптар өлүмгө чейин дуушар болот. Себеби дарт дем алууну кескин кыйындатат.



Коронавирус менен ооруган алгачкы адам 1916- жылы каттоого алынган.XX кылымда аталганвирус адамдарда жана жаныбарларда курч респиратордук оорулардын козгогучу катары белгилүү болгон.Бирок өтө кооптуу инфекциялардын катарына кирген эмес. 2000 – жылдары коронавирустун SARC – COV жана MERS- COV деген түрлөрү жайылып, адам өмүрүнө коркунуч жарата баштаган.

**Вирус эмнеден чыкты?**

Учурда кытай окумуштуулары жаңы коронавирус жыландар аркылуу тараганын болжолдоптжатышат. Алар вирустун структурасын реконстркциялап көрүшкөн. Натыйжада анын генетикалык структурасы Кытайдын түштүгүн байырлаган түрдүү түстөгү, тарам- тарам болгон крайт жанакытай кобраларына жакын экени аыкталган.

**Илдеттин белгиси**

Ухань шаарынын саламаттык сактоо комитети коронавирустун жаңы түрү алгачкы этабында дене табынын көтөрүлүшү жана жөтөл менен коштолору,узак убакытка жеңил абалда болорун билдирген.Оору улгайган адамдар арасында жана башка өнөкөт илдети бар адамдар арасында дароо оор формасына өтүп кетиши мүмкүндүгүн эскертишкен.

**Дарттын дабасы табыла элек**

Учурда коронавирус менен жабыркагандарды дарылоо жолу так аныктала элек. Россия оорунун вакцинасын даярдоого ниеттенип, ага жарым жыл кетиши мүмкүндүгүн жана арзан болбой турганын жар салды.

**Башка өлкөлөргө тарап жатат**

Дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрү аба майданындагы текшерүүнү күчөтүштү.Учурда Ганконг, Макао, Тайвань, АКШ, Япония жана Түштүк Кореяда, Россия, Казакстан, Өзбекстан , Кыргызстанда катталды.Ал эми Кыргызстанда көптөгөн киши аталган дартка кабылган жана айыгып чыккан адамдар да бар.

## **Сабакты бышыктоо**:

**Окуучулар алган маалыматтары боюнча суроолорго жооп беришет.**

1. Коронавирус деген эмне?

2. Ал кандай оору экен?
3. Сасык тумоо менен коронавирустун айырмасы эмнеде?
4. Бул ооруну жугузуп алган адам кандай абалда болот?
5. Бул оору эмнеден пайда болгон?
6. Азыркы учурдагы абал кандай?

Жана башка ушул сыяктуу суроолрдун тгерегинде талкуу жүргүзүшөт.Сүрөт аркылуу да түшүндүрүү иши жүрдү.


**Сабакты жыйынтыктоо:**

Бул КОРОНАВИРУС оорусун алдын алуу жолдору менен түшүндүрүлүп сабак жыйынтыкталды.


Адам ооруну жуктуруп албоо үчүн бир катар алдын алуу чаралары маалымдады.


- Чет мамлекетке бararда эпидемиялык абалды тактап алуу;
- Жаныбарлар жана деңиз азыктары сатылган базарларга барбоо;
- Термикалык иштетүүдөн өткөн тамак-аштарды колдонуп, бөтөлкөдөгү суулардан ичүү керек;
- Зоопаркка кирбөө,жаныбарлар катышкан массалык иш-чараларга баш бакпоо;
- Дем алуу органдарын коргоо каражаттаррын колдонуу( мисалы: медициналык беткап);
- Эл көп топтолгон жерден келгенден кийин жана тамак ичер алдында колду таза жуу;
- Оорунун алгачкы белгилеринде элебейтапканага кайрылуу керек.Өз алдынча дарылануга жол берилбеши шарт.

# Disinfect Hands








COVID-19